Педкеңеште кабыл алынды

Протокол№ 1 20.08.2022

Бекитемин

Мектеп мүдүрү: Н.С.Сайдинова

**Ж. Баласагын атындагы орто мектебинин локалдык актылардын иштелип чыгышы жана кабыл алынышы жөнүндө жобо**

**1. Жалпы жоболор**

Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 "Билим берүү жөнүндөгү " мыйзамынын негизинде, Билим берүү министрлигинин "Текшерүүнү камсыз кылуу жөнүндө" каттарына ылайык иштелип чыккан контролдук иш чаралар, Билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин кызматтык көзөмөлүнүн мазмунун жана укуктук камсыздоосу жөнүндө,Ж. Баласагын атындагы мектептин Уставынын негизинде.

1.1. Локалдык актылардын иштелип чыгышы жана кабыл алынышы окуучулардын билим алуусуна тиешелүү локалдуу чечимдик актыларды макулдашуу Педагогикалык Кеңеши тарабынан аныкталат

1.2. Окуучулардын кызыкчылыктарына тиешелүү жергиликтүү ченемдик акты жана мектептин коюлган укуктуктары - жынысына, рассасына, улутуна карабастан, тили, теги, мүлктүк, социалдык абалына, динге карата мамилеси, коомдук уюм түзүшүнө, башка жагдайларга байланыштуу болот.

1.3. Локалдык актылардын иштелип чыгышы жана кабыл алынышы билим берүүнүн мыйзамдардын талаптарын ишке ашырууга багытталган.

1.4. Жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыгып орто мектептин Уставы менен аныкталат.

**2. Билим берүү**

**2.1** Билим берүү чөйрөсүндөгү

- окуучулардын билим алуу укугун ишке ашыруу үчүн коомдук мамилелердин жыйындысы, анын максаты окуучуларга билим берүү программаларынын мазмунун өздөштүрүү жана билим берүү менен байланышкан коомдук мамилелери;
-окуучулардын билим алуу укугун жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүү;

2.2. Мугалимдин кызыкчылыктарынын карама-каршылыгы - бул педагогикалык кызматкер өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашырууда материалдык артыкчылыктарга же башка артыкчылыктарга ээ болууга жеке кызыкчылыгы болгон жана педагогикалык кызматкердин кесиптик милдеттерин талаптагыдай аткаруусуна таасир эткен же таасир этиши мүмкүн болгон кырдаал, анын жеке кызыкчылыгы менен окуучунун кызыкчылыктарынын ортосундагы карама-каршылыктан улам.

**3. Ата-Энелер комитети боюнча**

3.1.Мектеп Уставына ылайык өзүнүн компетенциясынын чегинде билим берүү жаатындагы мамилелерди жөнгө салуучу ченемдерди камтыган жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды кабыл алат.

3.2.Билим берүү мекемеси билим берүү ишин уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун негизги маселелери боюнча жергиликтүү актыларды иштеп чыгат.

3.3.Мектеп тарабынан жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбоорун иштеп чыгуу, кароо жана бекитүү тартиби орто мектептин муниципалдык бюджеттик билим берүү

мекемесинде жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу тартиби жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлөт.

3.4. Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) мектепти башкаруу боюнча пикирин эске алуу үчүн жана билим берүү мекемеси алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгогон жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды кабыл алганда, демилге менен Ата-энелер кеңеши түзүлөт.

3.5.Ата-энелер кеңешинин иши өзүнчө жобо менен жөнгө салынат, белгиленген тартипте окуу процессинде кабыл алынып, бекитилет.

3.6.Жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору иштелип чыккандан кийин Ата-энелер кеңешинин жыйналыштарында талкууланат, окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуу фактылары аныкталган учурда, ата-энелер кеңешинин корутундусун эске алуу менен жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбооруна тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилет, ал протокол менен чагылдырылат. Жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун мазмунуна карата оң корутундулар Ата-энелер кеңешинин жыйналыштарынын протоколдорунда да чагылдырылат.

3.7.Ата-энелер кеңеши менен макулдашылган жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору белгиленген тартипте билим берүү мекемеси тарабынан бекитилет.

**4. Кызыкчылыктарды жөнгө салуу жөнүндө**

4.1.Мугалимдердин кызыкчылыктарынын кагылышуусунда же билим берүү жаатындагы мыйзамдар жана мектепте колдонулуп жаткан жергиликтүү ченемдик укуктук актылар аткарылбаса же акыйкатсыз сакталган учурда, талаш-тартыштар жана чыр-чатактар билим берүү уюмунун катышуучуларынын ортосундагы талаш-тартыштарды жөнгө салуу комиссия тарабынан ишке ашырылат.

4.2.Мектептин катышуучуларынын ортосундагы билим берүү укугун жүзөгө ашыруу боюнча пикир келишпестиктерди, анын ичинде мугалимдин кызыкчылыктарынын карамакаршылыктары келип чыккан учурларда, жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды колдонуу маселелерин чечүү үчүн комиссия түзүлөт, окуучулардын тартиптик жаза чараларын колдонуу боюнча чечимдерге даттануу.

4.3.Мектептин катышуучуларынын ортосундагы талаш-тартыштарды жөнгө салуу боюнча комиссиянын чечими билим берүү мекемесиндеги билим берүү мамилелеринин бардык катышуучулары үчүн милдеттүү болуп саналат жана аталган чечимде каралган мөөнөттө аткарылууга жатат. Билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын ортосундагы талаштартыштарды жөнгө салуу боюнча комиссиянын чечимине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

4.4.Ата-энелер кеңеши билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын ортосундагы талаштартыштарды жөнгө салуу боюнча комиссиянын түзүлүшүн, ишин уюштурууну жана анын чечим кабыл алуусун жөнгө салган жергиликтүү ченемдик актыны макулдашууга катышат.

**5. Жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун кароодо жана макулдашууда билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери**

5.1. Мектептин директору:

5.1.1. Укукка ээ:

- окуучулардын, ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгогон айрым жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу зарылдыгын аныктоо;
- билим берүү мамилелеринин башка катышуучуларынын ой-пикирлерин эске алуу менен

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

ички чечим чыгаруу ишмердүүлүгүнүн багыттарын түзүүгө;
- Уставда бекитилген билим берүү мекемесинде кабыл алынган тартипте жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды бекитүүгө;
- жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга, Метептин ишине байланыштуу айрым чөйрөлөрдөгү компетенттүү үчүнчү жактын уюмдарынын өкүлдөрүн, адистерди жана эксперттерди тартууга;
- жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын иштелип чыгышына жетекчиликти жана контролду жүзөгө ашыруу актылары;

5.2.1. Милдеттүү:
- өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жана окуучулардын, ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгогон мыйзам алдындагы актыларды жетекчиликке алууга;
- жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана бекитүү процессинде билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын жана башка кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу;
- билим берүү мамилелеринин башка катышуучуларынын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоого.

5.2. Окуучулардын жана ата-энелеринин укуктары:

5.3.1. Алар төмөнкүлөргө укуктуу:
- адамдын кадыр-баркын урматтоого, физикалык жана психикалык зомбулуктун бардык түрлөрүнөн, жеке мазактоолордон, өмүрүн жана денсоолугун коргоого:
- окуучулардын, ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгогон жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга жана талкуулоого катышууга, өз пикирин билдирүүгө, сунуштар менен сунуштарды берүүгө;
- жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды макулдашууда белгиленген тартипте катышууга;
- билим берүү жаатындагы мыйзамдарды жана билим берүү мекемесинде колдонулуп жаткан жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды сактабаган же акыйкатсыз аткарган учурда мугалимдин же билим берүү мекемесинин администрациясынын кызыкчылыктары кагылышса, комиссияга кайрылып билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын ортосундагы талаш-тартыштарды жөнгө салуу үчүн - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте билим берүү мекемесинин жергиликтүү ченемдик укуктук актыларына даттанууга;
- мамлекеттик бийлик органдарында жана соттордо өз кызыкчылыктарын коргоого;
- өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка ыкмаларды колдонууга.

5.2.1. Милдеттүү: билим берүү мамилелеринин башка катышуучуларынын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоого жана сактоого.

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

## АШКАНА ЖУМУШЧУСУНУН ИШ АТКАРУУЧУЛУК МИЛДЕТИ:

1. Кухнядагы идиштердин ж.б сакталышына материалдык жоопкерчилиги.
2. Санитардык-гигиеналык талапты так аткарууга (пищеблоктун тазалыгы, идиштердин тазалыгы, спецформа менен иштөөсү)
3. Меню, калькуляцияны сактоосу.
4. Окуучулардын (1-4-кл) тамактануусун тактоо журналы боюнча иш алып баруусу.
5. Ай аягында отчёттуулукту жүргүзүүсү.
6. Дезинфекциялык иштерди өз учурунда жүргүзүүсү милдеттендирилет.
7. Ашпозчунун бурчундагы буйрук, меню, санитардык расписаниелерге көзөмөл салып турууга.
8. Ашканада ашыкча тамак-аш кармап, сактабаганга милдеттендирилет.

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

# ТАЗАЛЫКТЫ ТЕЙЛООЧУНУН (УСП) ИШ АТКАРУУЧУЛУК МИЛДЕТИ.

1. Мектепте санитардык режимдин сакталышына.
2. Убагы менен 3 сааттан кийин нымдуу тазалоону жүргүзүп, санитардык эреженин сакталышына.
3. Жумасына бир жолу толук тазалоону жүргүзүү.
4. Помещениени жана туалетти жумасына бир жолу дезинфекциялап туруусу.
5. 2-сменага башталгыч класстардын полун күн сайын жууп өткөрүүгө
6. Сменди өткөрүп жатканда, мектептин ички бөлүгүнүн тазалагын сактоо менен өткөрүү.
7. Ремонт, субботниктерге үзгүлтүксүз катышуу.
8. Медициналык кароодон өтүүгө.

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

## ТЕРРИТОРИЯНЫ ТАЗАЛООЧУ,БАКТЫ КАРООЧУ ГҮЛДҮ ӨСТҮРҮҮЧҮ

## ДВОРНИКТИН ИШ АТКАРУУЧУЛУК МИЛДЕТИ:

1.Мектептин тегерегин,эшиктегилердин тазалыгынын сакталышына

2.Күзгү, жазгы ишембиликтерге активдүү катышууга

1. Мектептин территориясын жашылдандырууга,бактарды карап,камкордук кылууга,газондордогу гүлдөрдүн өсүшүнө шарт түзүүгө,убагы менен сугарып турууга милдеттендирилет

2. Кыш мезгилинде мектептин алдындагы карды күндө күрөп турууга

3. Катып калган муздарды чаап турууга

4. Жыл мезгилине ылайык (күзүндө кышында) территорияны тазалап,санитардык эреженин аткарылышын камсыздоого милдеттендирилет

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

Чүй району Чүй областы Ак-Бешим айылы

Ж.Баласагын атындагы орто мектеби

## КАРООЛЧУНУН МИЛДЕТИ

1. Медициналык кароодон өз убагында өтүүгө;
2. Мектептин ички жана сырткы буюмдарын көзөмөлдөп, буюмдардын сакталышына жана жоголуп кетпөөсүнө түздөн-түз жооп берүүгө;
3. Мектептин айлана тегерегиндеги көчөттөрдүн, бактардын сакталышын көзөмөлдөөгө;
4. Мектептин айлана тегерегин, спорт аянтчасын толук көзөмөлдөөгө;
5. Ар кандай коомдук иштерге, ишембиликтерге активдүү катышууга;
6. Мектептин эшигин эртең мененки саат 7:00 өз убагында ачууга, кечки 17:00 бекитүүгө;
7. Кечки саат 19:00 дөн эртен мененки саат 7:00 гө чейин жумуш ордунда болууга;
8. Дем алыш, майрам күндөрү күндүз жана түнкү график боюнча иштөөгө;
9. Экинчи кароолчудан күзөттү эртең мененки саат 7:00 дө өткөрүп алууга;

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA

Чүй району Чүй областы Ак-Бешим айылы

Ж.Баласагын атындагы орто мектеби

# ОТ ЖАГУУЧУНУН МИЛДЕТИ

1. Мектепти тийиштүү нормадагы жылуулук менен камсыз кылуу;
2. Көмүрдү үнөмдөп, норма менен жагуу;
3. Күн сайын берилген нормадагы көмүрдү максаттуу жагуу;
4. От жагуудагы өрт коопсуздугун сактоо;
5. Буу казандарын жыл ичинде оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүп туруу;
6. От жагуучу жайды жаңы окуу жылына карата оңдоп-түзөө өткөрүп туруу;
7. Көмүрдү сыртка максатсыз чыгарбоо;
8. Жумуш убактысында иш ордун таштап кетпөө;
9. Жумуш убактысында алкоголдук ичимдик ичпөө;
10. Күзөт өткөрүүдө жумуш ордун тазалап, иретке келтирүүгө;
11. Күзөттү эртең мененки саат 8:00 өткөрүп алууга жана өткөрүп берүүгө

REDMI NOTE 9 PRO
AI QUAD CAMERA